**Математика жана аны башталгыч класстарда окутуунун технологиясы кафедрасы**

**Кафедра башчысы п.и.к., доцент М.К. Узакова М.К.**

И. Арабаев атындагы КМУнун Педагогика жана психология институтунун Математика жана аны башталгыч класстарда окутуунун технологиясы кафедрасы адистерди бүтүрүп чыгаруучу кафедралардын бири.

1992-жылга чейин математика жана анын методикасы боюнча окутуучулар “Башталгыч билим берүүнүн методикасы” кафедрасынын курамында болуп, кафедраны доценттер П. Иманбеков, К. Ибраимовдор башкарышкан.

1992-жылы табигый-математикалык дисциплиналар кафедрасын Ш.А. Алиев уюштуруп, жетектеген. Кафедрага мүчө болуп Т. Калмурзава, М. Дооталиева, Т.О. Кызалакова, Т.К. Калтаев, Ж.С. Коңурбаева, Д. Урстамбеков, О. Төлөбаев сыяктуу тажрыйбалуу окутуучулар кирген.

1994-1999-жылдары кафедраны доцент Т.К. Калтаев жетектеген. Ал кезде кафедрада доценттер Алиев Ш.А., Жакыпбеков М., Кызалакова Т.О., окутуучулар Сейиткaзиев Г., Коңурбаева Ж.С., Төлөбеков Ө. жана башкалар иштешкен.

1999-жылдан баштап бул кафедранын мүчөлөрү «Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана психологиясы» кафедрасынын курамында болуп, кафедраны доцент Т.А. Орусбаева жетектеп келген.

2002-жылдын февраль айында Мектептик билим берүүнүн педагогикасы факультетинде башталгыч билим берүүнүн математика жана табият таануу кафедрасы уюштурулган. Бул кафедраны педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Тилекеев Кеңеш Муктарович жетектеген.

2003-жылдын март айынан баштап кафедра «Математика жана аны окутуунун технологиялары» кафедрасы болуп өзгөртүлүп, кафедраны ага окутуучу Мурзаев Тагайбек Турсункулович жетектеген. Ал кезде кафедрада 1 педагогика илимдеринин доктору, 2 профессор, 2 доцент, илимдин кандидаттары, 2 улук окутуучу жана 3 окутуучу иштеген.

2003-жылдын ноябрь айынан 2008-жылга чейин кафедраны педагогика илимдеринин кандидаты, улук илимий кызматкер, мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, профессордун милдетин аткаруучу Нуржамал Ибраевна Ибраева жетектеген. Кафедрада 1 педагогика илимдеринин доктору, 1 профессор, 2 илимдин кандидаты, 1 профессордун милдетин аткаруучу, 1 доцент, 1 доценттин милдетин аткаруучу, 5 улук окутуучу бар болгон.

Кафедранын тарыхында белгилеп айта турган учур - анын сыймыгы болуп эсептелген педагогика илимдеринин кандидаты, улук илимий кызматкер, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими, башталгыч класстар

үчүн математика окуу китептеринин автору, профессордун милдетин аткаруучу **Ибраева Нуржамал Ибраевна** жана Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, педагогика жана окутуу методикасы боюнча 210дон ашык илимий, илимий-методикалык эмгектердин автору профессор **Байсалов Джоомарт Усубакунович**, педагогика илимдеринин кандидаты, көптөгөн илимий-методикалык эмгектердин автору **Калтаев Токтосун Калтаевич** эмгектенишкен.

Нуржамал Ибраева кафедранын илимий-методикалык иштеринде салмактуу изилдөөлөргө демилгечи болуп, натыйжада илимдин кандидаттарынын сандык сапаттык көрсөткүчтөрү өскөн. Нуржамал Ибраева өзү 1-4-класска чейинки математика окуу китебинин авторлошу болгон.

Кафедранын бардык кызматкерлери илимий-изилдөө, окуу-методикалык иштерди жүргүзүп, институттун жана И. Арабаев атындагы КМУнун коомдук иштерине активдүү катышышкан.

2008-жылдан 2011-жылга чейин кафедраны п.и.к. Оңолбаев Мелис Бекболович жетектеген. Кафедрада 1 педагогика илиминин доктору, 2 доцент, 5 окутуучу иштеген. Ошол жылдары Г.К. Казиева кандидаттык диссертациясын коргогон.

2011-жылдын сентябрь айынан 2023-жылдын июль айына чейин п. и. к. доцент Казиева Гүлзат Качканаковна жетектеп келди. Кафедранын сандык сапаттык составы өскөн. Кафедрада 1 педагогика илиминин доктору, 2 доцент, 5 ага окутуучу, 1 окутуучу иштеген.

2016-жылы кафедранын аталышы «Табигый-математикалык билимдер жана аларды башталгыч мектепте окутуунун технологиялары» деп өзгөртүлүп мекен таануу дисциплиналары кошулган.

Азыркы күндө кафедрада тажрыйбалуу методисттер, илимий даражалуу профессордук-окутуучулар, жогорку педагогика магистрлери жана улук окутуучулар эмгектенишет.

Математика жана аны башталгыч класстарда окутуунун технологиясы кафедрасынын **профессордук-окутуучулук курамы**: педагогика илиминин кандидаты, профессордун милдетин аткаруучу Казиева Г.К., ардактуу профессор Коңурбаева Ж.С., педагогика илимдеринин кандидаттары Оңолбаев М.Б., Ажымамбетова Г.И., Касымалиева Г.О., Сейталиева Э.С., Узакова М., ага окутуучу Мурзаев Т.Т., окутуучулар Конушбаева А., Жоомарт кызы Айзада, улук лаборант Канатбекова Н.К.

2023-2024-окуу жылдан тартып кафедранын башчысы педагогика илимдеринин кандидаты, доцент М.К. Узакова.

Аталган кафедра «демилгелүү кафедра». Кафедранын окутуучулары окутуучулук ишмердүүлүгүндө заманбап билим берүү технологияларын колдонуп билим берүү менен катар, түрдүү Эл аралык программаларга

катышып, Эл аралык тренерлердин сертификаттарына жана улуттук тренер макамына ээ. Кафедра мүчөлөрү бир нече жылдардан бери ЮСАИДдин «Сапаттуу билим», «Кадам артынан кадам», «Оценивание навыков математики в начальных классах (EGMA) катары заманбап: Көп тилдүүлүк Герман кызматташтыгы «GIZ», АКШнын Эл аралык өнүктүрүү агенттигинин USAID «Окуу керемет!» долбоорлорунда активдүү катышуучулары.

Чүй облусунун башталгыч класстардын мугалимдеринин билимин жогорулатуу боюнча семинарларды өтүштү.

Ошону менен катар кафедра көп жылдан бери Новосибирск мамлекеттик педагогикалык университети менен илимий-педагогикалык иштерди жакшыртуу боюнча кызматташып келет. Натыйжада кафедранын окутуучуларынын уюштуруусу менен эл аралык илимий конференциялар системалуу өтүп турат. Акыркысы 2023-жылдын 10-ноябрында «Ааламдашуу шартында билим берүүнүн туруктуу өнүгүүсүнүн тенденциялары» аттуу Эл аралык илимий конференция өткөн. Бул иш-чарага 100дөн ашык илимий макалалар келип түшкөн, алардын көпчүлүгү Новосибирск университетинин илимий журналында жарык көргөн. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети, Улуттук тестирлөө борборлору менен кафедра кызматташтыкта иштешет.

**Кафедранын максаты** келечектеги башталгыч класстардын мугалимдерин даярдоонун инсандык, педагогикалык, математикалык, методикалык деңгээлин жогорулатуунун жолдорун изилдөө болуп саналат.

**Илимий ишинин темасы:** “Башталгыч класстардын мугалимдеринин кесиптик даярдыгынын сапатын жогорулатуу”. Кафедранын мүчөлөрү бул теманын тегерегинде илимий-изилдөө иштерин жүргүзүп, И. Арабаев атындагы КМУнун жана Педагогика жана психология институтунун коомдук иштерине активдүү катышышат.

Кафедранын окутуучулар профессордук курамынын **негизги окутуу багыты:**

1. Институттагы студенттердин математика жана табигый дисциплинадагы предметтер боюнча теориялык жана методикалык жогорку даярдыгын камсыз кылуучу окутуучулардын системалуу иш-аракеттерин түзүү:

   а. сапаттуу лекциялык сабактар;

   б. Семинардык, практикалык сабактар;

   в. кесиптик көндүмдөрдү калыптандыруучу мектептердеги практикалык түрлөрү;

   г. студенттердин курстук, дипломдук иштери, өз алдынча изденүү жумуштарынын сапатын көтөрүү;

д. заманбап долбоордук окуу программалары менен айкалыштырылган дисциплиналарды эксперименталдык максатта окуу процессинде апробациялоо.

2. Студенттердин билимин көндүмдөрүн аттестациялар аралыгында текшерүү жана баалоо боюнча негизги каражаттардын, критерийлердин фондун талдап чыгуу.

Окуу-тарбия иштери менен катар кафедра профессордук окутуучулук курамы окуу-методикалык материалды түзүү боюнча да көп иштерди жүргүзүп жатат. Кафедра мучөлөрү тарабынан төмөнкүдөй илимий-методикалык эмгектер жана окуу китептери иштелип чыккан:

1. Казиева Г.К. Башталгыч математиканын теориялык негиздери 2015-ж.
2. Сейталиева Э.С., Касымалиева Г.О. Башталгыч математиканын теориялык негиздери 2021-ж
3. Байсалов Дж.У., Сейталиева Э.С., Касымалиева Г.О. Математикалык маселелерди чыгаруунун практикуму 2021-ж., 72 б
4. Узакова М.К., Казиева Г.К. Мектеп математика курсун актуалдаштыруу 2022-ж. 152 б.
5. Казиева Г.К., Узакова М.К., Канатбекова Н.К., Жоомарт к А. 1-4-класстар үчүн текшерүү иши 2022-ж.